
Алтын Аман

# Монстрик



# Мокочо

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 61
Аман Алтын

А61 «Монстрик_Мокочо». -Б.: «V.R.S. Company», 2017. -24 с.

**Идея и инициатива:** Динара Аляева, ОФ «Помогать легко!»
**Координатор:** Эльмира Токтогулова
**Иллюстрации:** Марина Чубарь
**Художественный редактор кыргызского текста:** Эльмира Көчүмкулова
**Корректоры:** Бактыгуль Капалова, Татьяна Орлова
**Дизайн и верстка:** Александр Фиделис, V.R.S. Company

**Мы благодарим за поддержку проекта директора типографии V.R.S. Company Юрия Ващенко.**

ISBN 978-9967-28-336-7

Эта книга посвящена нашим маленьким героям - детям, которые борются с тяжелыми заболеваниями и каждую секунду противостоят боли и отчаянию. Мы также хотим посвятить ее родителям и близким, тем, кто всегда рядом с детьми, кто отдает свои сердца и порой самое последнее, чтобы их ребенок встал на ноги и улыбнулся. Мы верим в вашу силу, верим в чудо, которое способна сотворить Любовь.

Бул китеп оор дарттар менен күрөшүп жаткан  биздин кичинекей баатырларыбызга жана өздөрүнүн жүрөгүн берип, акыркы көйнөгүн чечип берген, алардын ата-энелерине жана жакындарына арналат. Биз сиздердин күч-кубатыңыздарга ишенебиз. Сиздердин балага төккөн мээримиңер жана сүйүүңөр, анын жашоо үчүн күрөшүүсүндө дем берет деп ишенебиз.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | 4803300100-17 | УДК | 821.51-93 |
| ISBN | 978-9967-28-336-7 | ББК | 83.8 |

©Алтын Аман,  2017 г.

Алтын Аман

# Монстрик



# Мокочо




На этом белом свете жил Монстрик. Он был сине-зеленый, с большими выпученными розовыми глазками, маленького роста, такой весь кругленький, с мохнатой головкой. Хотя... Нельзя было понять, где его туловище, а где уже голова. И ножки у него были такие короткие и круглые, что их не было видно. Монстрик был маленький и странненький.

Илгери-илгери бир кибирейген Мокочо болуптур. Ал өзү мокочо болгону менен, тыпыйган Мокочо экен: түрү суук эмес, тескерисинче,көздөрү айнектей тунук, түсү ток-жашыл, өзү топтоголок, колу-буту кып-кыска, моюну дагы эпейип көрүнбөйт эле. Мокочонун кейпи ушундай  укмуш болчу.

А знаешь, где жил этот Монстрик? Внутри маленького мальчика Даника. Ты, наверное, думаешь: чем же он там занимался, этот маленький Монстрик внутри маленького Даника? Он спал, играл, зевал, икал, смеялся, а иногда он злился. И когда Монстрик злился, Данику было больно.

Билесиңби, ал Мокочо кайда жашачу экен? Ал Мокочо Жоник деген бир баланын ичинде жашачу! Сен ойлоп жатсаң керек, ал Мокочо Жониктин ичинде жатып алып эмне кылчу деп? Ал Жониктин ичинде уктачу, күлчү, ойночу, ыктытчу, оозун чо-о-о-оң ачып эстечү, ал эми кээ бир кездерде ал жинденчү. Ал жинденгенде, Жоник ооручу.






И по неизвестным причинам Монстрик стал часто злиться, и Данику было больно так часто, что его пришлось вести к Доктору. А Доктор положил Даника в больницу. Монстрик злился все чаще и чаще. Его злость вызывала боли у Даника. Но почему-то Монстрик злился и злился. И от своей злости Монстрик стал расти. Он становился все больше и больше, от чего Данику было еще больнее. Злой Монстрик причинял боль маленькому Данику.

Эмнегедир акыркы күндөрү Мокочо тез-тез эле жинденип калыптыр. Мокочо улам жинденген сайын Жоник ооруй берип, ата-энеси аны доктурга алып барат. Доктурлар Жоникти бейтапканага жаткырып коюшат. Бирок барган сайын Мокочо  андан да көбүрөөк жиндене баштайт. Ал катуу жинденген сайын, Жоник да катуураак ооруп жатты. Мокочо, кайра-кайра катуу жинденгендиктен чоңоё баштады.  Ал чоңойгон сайын Жониктин оорусу күчөп жатты.

Даник стал чувствовать, что его Монстрик становится просто огромным. В одну ночь этот Монстрик стал просто гигантским, настолько гигант- ским, что перестал помещаться в Даника. Даник лежал на больничной койке и видел своего Монстрика, который не просто стал большим, а изменился: он стал коричнево-черным вместо сине-зеленого, его большие глаза стали маленькими и красными, голова стала совсем большой и еще более мохнатой, а ноги выросли и стали длинными и сильными. Даник, маленький и беззащитный, лежал на кровати. От одного вида Монстрика, который уже был не Монстрик, а стал Монстрищем, Данику было больно. Но Даник был очень и очень смелый.

---

Мокочо чоңоюп бараткөнын Жоник сезип жатты. Түндөрдүн бириндe Мокочо Жониктин ичине баткыс болуп аябагандай чоңоюп кетти, баягы кибирейген Мокочо алп Мокочого айланды. Жоник өзүнүн керебетинде жатып, өзүнүн Мокочосун көрүп жатты. Ал жөн гана чоң болуп кетпестен, анын келбети дагы өзгөрүп кетиптир: анын түсү кара-күрөң болуп, көздөрү кыпкызыл болуп, чачтары саксайып, буттары узарып килтейип кетиптир. Жониктин алы кетип керебетинде жатты. Ал алп мокочону карап коркуп жатты, аны караган сайын оорусу дагы күчөй берди.






Он поднял голову, сел на краю кровати и без страха посмотрел в глаза Монстрику.
- Привет, Монстрик.
- Какой я тебе Монстрик!? Я – Монстр!
- Я знаю, что ты мой Монстрик. Слушай, тебе не идет быть таким большим и злым. И коричнево-черным быть тебе тоже не идет. Полезай в меня обратно. Ты стал слишком большим.
- И что?
- Как что? Посмотри, тебе же неудобно стоять, ты весь согнулся. Этот потолок слишком низкий для тебя. А мне больно от того, что ты такой большой.
- И правда. Мне тесно здесь...

Бирок Жоник эр жүрөк бала болгондуктан, башын көтөрүп, керебитинин четине отурду да, Мокочонун көзүнө тике карап, мындай деди:
- Мокочом, кандайсың?
- Мен эмне көзүңө мокочо көрүнүп турамбы!? Менин килтейген дөө экенимди көрбөй турасыңбы!
- Койчу, мен билем, сен менин ботокой Мокочомсуң. Карачы кейпиң кантип калганын: өзүң капкара, көздөрүң кыпкызыл. Жарашпайт сага мындай болгон. Сен андан көрө кайра кичирейип туруп, менин ичиме кирип кеткениң оң болот. Сен өтө эле чоң болуп кеттиң.
- Чоң болуп кетсем эмне экен?
- Кандайча эмне экен? Карачы, бул бөлмөгө батпай калдың, бүгүлүп отурасың. Сенин чоң болуп турганың менин оорумду күчөтүп жатпайбы.

Монстрик грустный сел на стульчик, еле-еле помещаясь в него. Они с Даником смотрели друг на друга. Даник зевнул и сказал:
- Монстрик, я сейчас лягу спать, а ты, пожалуйста, не злись, успокойся, тогда ты станешь меньше и снова можешь в меня попасть. Когда ты попадешь в меня снова, пожалуйста, веди себя там хорошо. А то снова станешь большим и злым, и снова перестанешь в меня помещаться. И тогда ты снова вылезешь, и снова будешь сидеть такой большой на моем маленьком стульчике и будешь биться головой об потолок. Ты меня понял, Монстрик?
- Я понял. Я снова хочу быть маленьким. Икать, спать, играть и не злиться.
- Вот и хорошо. А мне надо поспать. Твоя злость сделала мне много раз больно. И я устал.
- Хорошо, Даник, спи. Я постараюсь не быть злым и снова стать Монстриком.

Мокочо отургучка эптеп эле батып отурду. Жоник менен Мокочо бири-бирин тиктеп отурушту. Жоник уйкулуу көздөрүн ушалап, Мокочо менен маегин улантты:
- Мокочо, мен азыр жатам, ал эми сен болсо, жинденбей, сабыр кылсаң кайра кичирейесиң, кичирейсең кайра ичиме батып кетесиң. Анан ичиме кирип кеткенде тентек кылбай, жинденбей, жакшы жүрсөң, макулбу? Болбосо кайра чоңоюп кетесиң. Чоңоюп кетсең менин ичиме баптай каласың дагы, кайра чыгып каласың, анан ушинтип башың тамга тийип отурасың эч жерге баптай. Түшүндүңбү мени? Сүйлөштүкпү?
- Ооба, түшүндүм, сүйлөштүк. Мен өзүм деле кайра кичирейип, ичиңе жатып алып, оңой ыктытып, уктап,жыргап жашагым келип жатат.
- Анда жакшы,  сүйлөштүк. Мен эми уктайын. Билесиң да, сен жинденген сайын мен ооруйм, чоңойсоң оорум андан бетер күчөйт. Чарчадым, уктап эс алайын.
- Ооба, Жоник, жатып эс ал, укта. А мен болсо жинденбегенге аракет кылам дагы, кайрадан кичинекей Мокочо болуп калам.





Засыпая Даник увидел, что красные глаза Монстрика становятся розовыми, что ножки его уже не такие сильные и голова уже не такая мохнатая. Утром, когда Даник проснулся, Монстрика уже не было в комнате. Он был внутри Даника и тихо икал.

Уктап бара жаткан Жоник Мокочонун көздөрү кайрадан айнектей тунук болуп, колу-буту  кыскарып бара жатканын байкады. Эртең менен Жоник ойгонгондо Мокочо Жониктин ичинде ыктытып коюп отурганын сезип, Жоник сүйүнүп, жылмайып жатса, доктур кирип келет:

Зашел доктор:
- Привет, Даник. Тебе ночью было плохо, да?
- Да. Мне было очень больно. А знаете почему?
- Почему?
- Потому что мой Монстрик злился и стал очень большим, от этого мне стало очень плохо.
- Да? Какой еще Монстрик? Ты так называешь свою болезнь?
- Хммм... Доктор, Вы что не знаете, что внутри меня живет Монстрик?
- Теперь после твоего рассказа я знаю. А кто еще знает про Монстрика? - шепотом спросил доктор.
- Мама, папа и бабушка тоже знают про Монстрика. Они мне говорят, что я могу с ним бороться, но я предпочитаю с ним договариваться. Он меня слушается.
- Да? Это просто замечательно. Знаешь, Даник, ты такой молодец!
- Почему?

---

-Кандайсың, Жоник. Сен кечээ абдан кыйналдың, ээ?
- Ооба, Мен абдан оорудум. Эмне үчүн билесизби?
- Эмне үчүн?
- Анткени менин Мокочом абдан ачууланганынан чоңоюп кетип, мен ошондуктан абдан жаман сездим өзүмдү.
- Ошондойбу? Кайсы Мокочону айтып жатасың? Өзүңдүн ооруңду ушинтип атап алдыңбы?
- Хммм... Доктур, сиз менин ичимде Мокочо жашаарын билбейсизби?
- Эми сен айтып бергениңден кийин билип калдым. Мокочо туралуу дагы ким билет? – деп шыбырап сурады доктур.
- Апам, атам жана чоң энем да Мокочо жөнүндө билишет. Алар мага, аны менен күрөшүп аны жеңесиң дешет, бирок мен аны менен жөн гана сүйлөшөм. Ал менин сөзүмдү угат.
- Ошондойбу? Абдан сонун экен! Билесиңби, Жоник, сен азаматсың!
- Эмне үчүн?
- Анткени сен бардык дарыларды ичип жатасың, анткени сен

- Потому что ты принимаешь все лекарства, потому что ты – смелый, не боишься Монстрика, который в тебе.
- Мама с папой тоже так говорят.
- Ну ладно, Даник, я пойду. Я рад, что тебе лучше. Если ночью твой Монстрик вдруг вырастет, зови на помощь, - сказал доктор, подмигнув Данику.



эр жүрөксүң жана ичиңдеги мокочодон коркпойсуң.
- Апам менен атам дагы ошентип айтышат.
- Болуптур анда, Жоник, мен барайын. Эгерде түндө сенин Мокочоң чоңоюп кетсе, жардамга чакыр, - деп, доктур Жоникке көзүн кысып койду.



Тут в палату зашли мама с папой и принесли сине-зеленую мягкую игрушку:
- Даник, смотри какую игрушку мы нашли. Тебе нравится? Будешь играть?
- Конечно! Спасибо большое!
- А ты дашь ему имя?
- Мам, пап, пожалуй, я его назову Монстрик!
- Ух ты, и вправду похож на Монстрика, о котором ты нам рассказывал!

Бөлмөгө анын атасы менен апасы ток-жашыл түстөгү жумшак оюнчук алып кирип келишти:
- Жоник, карачы, кандай сонун оюнчук таптык. Сага жактыбы? Муну менен ойнойсуңбу?
- Албетте! Чоң рахмат!
- Сен буга ат коёосуңбу?
- Апа, ата, мен атын Мокочо койуп алайынчы!
- Аий, сен бизге айтып берген Мокочого чын эле окшошуп кетет экен!

Даник посадил свою новую игрушку Монстрика на стульчик и подумал, что настоящему Монстрику внутри него лучше быть маленьким и не злиться и больше не выходить из него, потому что его место занял другой, игрушечный, Монстрик. Монстрик услышал мысли Данику, икнул и улыбнулся снова маленький, с розовыми глазами и мохнатой головкой.

---

Жоник жаңы оюнчугун отургучка отургузуп койду да, өзүнүн ичиндеги Мокочонун кичинекей болуп, жинденбей, ичинен чыкпай отуруусун тиледи, анткени анын ордун башка оюнчук Мокочо ээледи да. Анын ичиндеги, бытыкый, түсү ток-жашыл, көздөрү айнектей тунук Мокочо Жониктин ойлорун угуп, ыктытып, анан жылмайып койду.



***Уважаемый читатель, покупая данную книгу, Вы делаете вклад в лечение тяжелобольных детей Кыргызстана.***

***Урматуу окурман, бул китепти сатып алуу менен, оор дарттарга чалдыккан, кичинекей кыргызстандыктардын дарылануусуна салымыңызды кошуудасыз.***

ПОМОГАТЬ ЛЕГКО

***Помочь сейчас:***

***Лицевой счет Мобильного кошелька - Мобильник 3335339,***
***Кошелек Эльсом 0556400400***
***Расчетный Счет KGS: 1180000058976715***
***BENEFICIARY BANK SWIFT(BIC) DEMIKG22, BIC 118005***
***USD 1180000058976816***
***EUR 1180000058976917***
***RUB 1180000058977119***
***ЗАО «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк»***
***ОФ «Помогать легко»***